# №2 С.Ногоева атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин социалдык иштери боюнча соц. педагогтун аткарган иштери

# №2 С. Ногоева атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин социалдык иштер боюнча жыл ичинде аткарган иштери боюнча отчёту.

№2 С.Ногоева жалпы билим берүүчү орто мектебинин окуу жылын башталышы менен сентябрь айында окуучулардын социалдык абалы жөнүндө маалымат алынды. Класс жетекчилер менен биргеликте.Сентябрь айында окуучулардын мектепке келүүсү, сабактарга катышуусу, көзөмөлгө алынды,аз камсыз болгон үй- бүлөлөргө мектеп куралдары жана мектеп формалары камсыз кылынды.Ошол менен биргеликте келбеген окуучулардын үйлөрүнө класс жетекчиси менен биргеликте барып ата-энелерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.Сабакка кечигип келген окуучуларга эскертүүлөр берилет.

Мектепке келбеген окуучулардын үйлөрүнө класс жетекчилер биргеликте барып ата-энелерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп окуучулар мектепке келе башташты.








Сентябрь айында “Жол кыймылынын коопсуздугу жөнүндөгү” эрежелерди таныштыруу үчүн 1-4 класстарга түшүндүрүү иштер уюштурулду. 1-4 класстар “Жол кыймылынын эрежелерин билесинби?” деген темада кароо сынак болуп өтүү. Ата энелерге да түшүндүрүү иштери жүргүзүлдүү.







№2 С.Ногоева  мектебинде 8-11класстар арасында “Жаш өспүрүмдөр арасында укук  бузуунун алдын алуу,кылмыштылуктуу болтурбо” максаттында ИДН кызматкерлери менен бирдикте иш алпарылып жатат.9-а,б,в,г,д класстар арасында террористтик жана экстремисттик иш аракеттерге азгырулуулардын алдын алуу максатында кече болуп лекциялар окулуп сахналык  көрүнүштөр көрсөтүлгөн кече болуп өттү.



Мектепте тартип бузган окуучулардын ата-энелери менен ИДН кызматкерлер чакырылып түшүндүрүү иштери жүргүзүлдүү.


№2 мектепте ноябрь айында каникул учурунда соц жардамчылар менен биреликте мигрант ата-энелердин балдарынын үй кыдырдык.Уурулуктун кылмыштуулуктун алдын алуу максатында ата-энелери менен түшүндүрүү иштерин жүргүздүк.





Социалдык колдоого муктаж балдарга мектептин жалпы мугалимдер жамааты жана демөрчүлөр тарабынан кышкы кийимдер (куртка, сапошка, женпир ж.б)буюмдар  ар дайым алып берилип келе жатат.








Окуучулардын ден соолугу боюнча анализ жүргүзүлүп мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар менен, класс жетекчилер менен биргеликте иш алып барылды.


Жогорку 8-11 класстын окуучу кыздары үчүн поликлиниканын гнекологу чакырылып жолугушуулар өткөрүлдү. Гнеколог менен лексия дебат болуп өттү. Кыздарга эрте никеге туруу өздук гигиена туралуу маалыматтарды берди. Кыздар өздөрүнүн ой пикирлерин айтышып,түшүнбөгөн суроолоруна жооп алышты.





Эмгек сациалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын соц кызматкерин  Эрмаматова Замира эжеке кайрылуунун негизинде чакырылып 9-11 класста окуган окуучуларга : Бала укуктары тууралуу конвенциясы,укуктук билимин жогорлатуу,үй бүлөлүк административдик жоопко тартуу кодекстерин тааныштыруу максатында түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турат.





Мектептин окуучулар жана мектеп жамааты биргеликте Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулардын коргоо күнүнө карата мектептин ичинде марафон өткөрүүлөт. Ж.Ниязов мектебине көмөк көрсөтүлүп турат.Биздин мектептен бүтүп кеткен мүмкүнчүлүгү чектелген окуучуларыбызга жардамдар көрсөтүлөт.
Бүтүрүүчү классстын мүнкүнчүлүгү чектелген окуучуларга жана калоочулар менен биргеликте Кочкор ата шаарындагы колежге ,Кесипке багыт берүү максатында өткөрүүлгөн иш чарага барып катыштык






Ай сайын өспүрүмдөрдүн ден соолугун тамеки чегүү наркотикалык заттарды колдонбоо,алыс болуу максатын соц педогог уюштууручу ,ИДН кызмат керлери менен класстык сааттар өткөрүлөт.







№2 Саадат Ногоева атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин соц педагогу Таштемирова Жийдегүлдүн
<u>**«Өспүрүмдөр арасындагы укук бузууларды жана кылмыштуулуктун алдын алуу»**</u> боюнча түзгөн иш планы

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ресурстар | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча «Алдын алуу кеңешин» түзүү боюнча буйруктун негизинде иш план түзүү | Сентябрь | Буйруктар, иш чаралар | Буйруктун аткарылышы колго алынат |
| 2 | Класстын социалдык паспортун түзүү | Сентябрь | Социалдык паспорт | Окуучулардын социалдык абалы аныкталат |
| 3 | Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча ата-энелер, жашы жете электер арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | Ар дайым | Иш пландар | Кылмыштуулуктун алдын алуучу иш чаралар жүргүзүлөт |
| 4 | Тарбиясы оор, кароосуз калган окуучулардын тизмесин тактоо жана аларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. | Октябрь | Тизмелер, пландар | Кароосуз калган жана тарбиясы оор балдар менен иш жүргүзүлөт |
| 5 | «Жөнөкөй адамдын жогорку сапаты» тегерек стол | Октябрь | Тегерек столдун планы | Балдар укуктары жана милдеттери жөнүндө маалымат алышат |
| 6 | «Укуктук билим денгээлин жогорлатуу» соц кызматкерлери менен жолугушуу, диспут сабак | Ноябрь | Диспуттун планы | Укук бузуулардын алдын алуучу иштер жүргүзүлөт |
| 7 | Жолдо жүрүүнүн эрежелери менен иштөөчү ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлери менен бирге рейд уюштуруу жана жыйынтыгын чыгаруу | Убагында | Рейд жүргүзүүнүн графиги | Рейд уюштурулуп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт |
| 8 | «Тамекинин зыяндуулугу» тарбиялык сабак | Декабрь | Сабактын иштелмеси | Тарбиялык сабак өткөрүлөт, балдарга түшүнүк берилет |
| 9 | Мектептен сырткаркы убактагы окуучулардын жүрүм туруму тууралуу | Ар дайым | Докладдар | Окуучулардын жүрүм туруму көзөмөлгө алынат |
| 10 | ЖӨИнин кызматкери менен жолугушууларды уюштуруу | График боюнча | Такталган график | Жолугушуулар өтөт |
| 11 | «Өспүрүмдөр кылмыштуулукка каршы» аттуу коомчулуктун өкүлдөрүнүн, айыл имамы, ЖӨИнин | Январь | Сабактын иштелмеси | Кылмыштуулуктун жана укук бузуучулук боюнча түшүнүшөт, коомчулуктун |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | кызматкери, ФАП кызматкерлери, ата – энелердин катышуусунда тегерек стол уюштуруу | | | көнүлүн өспүрүмдөрдүн тарбиясына буруу каралат |
| 12 | Тарбиясы оор, кароосуз калган окуучулар арасында иш жүргүзүү | Ар дайым | Социалдык паспорт | Түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт, ата энелер менен сүйлөшүүлөр жүрөт |
| 13 | «Баңгилик жана аракечтик деген эмне» ФАП кызматкерлери жана ЖӨИнин кызматкерлери менен биргеликте талкуу уюштуруу | Февраль | Жолугушуунун планы | Баңгилик жана аракечтиктин зыяндуулугу тууралуу маалымат берилип, алдын алуу иш чаралар жургузулөт |
| 14 | «Кылмыштылуунктун алдын алуу» кереге гезиттер сынагын уюштуруу | Март | Кереге гезиттер | Үлгүлүү жүрүм турумга үндөгөн лозунгдар, кереге гезиттер чыгарылат |
| 15 | Тентек, же ар кандай адепсиз ишке жөндөмдүү, сабакты көп калтырган окуучулар менен иш алып баруу. Үйлөрүнө рейддерди жургузуу .Ата-энелери менен иш алып баруу | Дайыма | Көзөмөл дептерлер, рейд, ата-эне менен байланыш дептерлер, келишим, тил каттар | Тентек балдар адептүүлүккө тарбияланат, сабакты көп калтырбай калат, ата-энелер менен байланыш түзүлөт |
| 16 | Маданий массалык спорттук иш чаралар аркылуу "Кылмыштуулукту болтурбайбыз" ураанынын алдында "Мыкты спорттук класс" мелдешине катышуу | Май | Спорттук инвентарлар, иш-чаралардын планы | Спорттук иш чаралар өткөрүлөт. Окуучулар бош убактыларында спорт менен машыгуу адатка айланат |

# Сабактын темасы: Уурулук-бул кылмыш.





**Сабактын максаты:**

**1. Билим берүүчүлүк**: Окуучулар уурулуктун маанисин жана ал кылмышка алып баруусун түшүнөт, уурулук жана анын жазасы жөнүндө маалымат алышат.

**2.Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулар уурулукка барбоонун, ага каршы күрөшүүнүн жолдору менен таанышышат.

**3. Тарбия берүүчүлүк**: Окуучулар бири-бирин сыйлоого, ынтымактуулукка, жаман адаттардан алыс болууга тарбияланышат.

**Сабактын жабдылышы:** Плакаттар , сүрөттөр
**Сабактын тиби:** Стандарттуу эмес.
**Сабактын формасы**: Сахналаштырып көрсөтүү

**С а б а к т ы н ж ү р ү ш ү :**

**Алып баруучу:** -Учурдагы койгойлуу маселелердин бири- бул…
**1-окуучу**: Мектеп рэкеттиги.
**2-окуучу**: Зомбулук.
**3-окуучу**: Уурулук.
**4-окуучу**: Хулиганчылык.
**5-окуучу**: Аракечтик.
**6-окуучу**: Наркомания.
**7-окуучу:** Таксикомания.
**Жалпы окуучулар:** Мунун баары-кылмыштуулук. Бул илдеттер менен күрөшүү жалпыбыздын милдетибиз.
**Алып баруучу:** Албетте, уурулук да – кылмыш. Ууру деген ким?
**1-окуучу:** Бирөөнүн мүлкүн билгизбей алып койгон адам.
**2-окуучу**: Бирөөнүн чөнтөгүнөн акчасын же телефонун алып качкан бала.

**3-окуучу:** Класста тыныгуу маалында классташтарынын сумкасынан буюмун алып, катып койгон окуучу.

**4-окуучу:** Уюшуп алып, бирөөлөрдүн малдарын алып чыгып , сатып жиберген адамдар.
**Алып баруучу:** Эмне учун адамдар уурулукка барышат?
**1-окуучу:** Жокчулуктун айынан.
**2-окуучу:** Таалим-тарбиясы начар болгондуктан.
**3-окуучу:** Азгырылуунун айынан.
**4-окуучу:** Аракка же наркотикке акча табуу үчүн.
**5-окуучу**: Бай болуу үчүн.
**6-окуучу:** Кумар, козино оюндарын ойноо үчүн.
**Алып баруучу:** Эми бизге келген юристконсультанттарга сөз берсек. Алар бизге уурулукка барган адамдарга кандай жазалар колдонулаарын айтып беришсин.

**1-юрист:164-берене – уурдоо.** Уурдаганда , башкача айтканда бироонун мүлкүн билгизбей алып кеткенде – үч эселенген айып салынат же эн аз айлык акынын элуу эселенген нормасын төлөп берет, болбосо эки жылга чейинки мөөнөтүнөн эркинен ажыратууга жазаланат.

**2-юрист:Уурдоо:**
1. Адамдардын тобу тарабынан
2. Олутту өлчөмдөрдө жасалганда
3. Жабырлануучунун өзүнөн (чонтогунон же сумкасынан) уурдалганда – үч эселенген айып салынат жана мүлкүн конфискациялоо менен эки жылдан алты жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**3-юрист:Уурдоо:**
1. Уюмдашкан топ тарабынан
2. Ири олчомдо
3. Мурда уурулук менен эки же андан коп жолу кесилген адам тарабынан
4. Турак жайга же башка сактоочу жайга мыйзамсыз кируу менен жасалганда Мүлкүн конфискациялоо менен беш жылдан он жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**4-юрист:Эскертуу** :Башка бирөөнүн мүлкүн укукка жат түрдө күнөлөөнүн же башка адамдардын пайдасына акысыз алып коюу, ал жеке пайда көрүү максатында жасалганда. Менчик ээсине же бул мүлкүн башка ээсине зыян келтирилгенде , мунун өзү уурдоо катары түшүндүрүлөт.
**Алып баруучу**: Уурулукка барган адамдарды ушундай жазалар күтүп турат. Андан башка ал адамдын жана анын жакындарынын кадыр-баркы эл ичинде өтө төмөндөйт. Келечегине балта чабат. Ошондуктан достор

**Окуучулар:**Эч качан уурулукка барбайбыз!
**Алып баруучу:** эгерде мектепте уурулар пайда болсо кантип жана кимдер менен иштешибиз керек?
**1-окуучу**: Адатта уурулук менен айрым гана балдар алакеттенет, ошондуктан аларга каршы классташтарынар, курдаштар менен биримдигинер ото кучтуу болсун.
**2-окуучу**: Мушташууну, алардын жазасын берууну максат кылбагыла, бирок бул ыпластыкка түп тамырынан каршы экенинерди ачык билдиргиле, женишке жетишкенче туруктуулугунарды көрсөткүлө.
**3-окуучу:** Мектептеги активисттер, мектеп парламенти сыяктуу уюмдар менен биргелешип жыйындарды өткөргүлө, ачык түшүнүктүү, мыйзамга туура келе тургандай чечим кабыл алгыла.

**4-окуучу:** Мектептин директору, окуу- тарбия болумдорунун башчылары, мугалимдеринер аркылуу ата-энесине, туугандарына ушундай иш менен алектенип жаткандыгын билдиргиле.

**5-окуучу:** Жардылыктан уурулукка барып барып жаткандар болсо, ачык акция уюштуруп, аларга жардам корсоткуло. Ар киминср оз кошумчанарды кошкула. Аларды камкордукка алгыла.
**Алып баруучу:** Өспүрүмдөрдүн арасында уурулардын пайда болуусуна мектеп рэкеттери да себепчи болушат. Рэкет деген ким? Класстер түзөбүз.
Окуучулар кластер формасында туруп, рэкетчиликтин маанисин тушундуруп беришет.

**Мугалим :** Мына балдар, бүгүнкү сабагыбызда уурулук кантип пайда болоору жана кандай жазаланаары, ошондой эле кылмыштын алдын алуу учун эмне кылуу керектиги жонундо талкууладык. Элибизде мурдатан эле айтылып келе жаткандай "Укпайт деп ушак айтпа, көрбөйт деп уурулук кылба". Жаман адаттарга берилсен, кылмыш жасасан, ал эч качан жазасыз калбайт. **"Кыныр иш кырк жылда да билинет"** дегендей бир күн албетте жазасын алат. Жабырлануучулардын каргышы, муңзары **"Кудай жазанды берсин"** деген оор сөзгө такалат. Ошондуктан балдар, эч качан уурулукка барбай, оз мээнетибиз менен жашаганга үйрөнөлү.

**Тарбиялык саат төмөнкү ыр саптары менен жыйынтыкталат:**

**1-окуучу:**

*Эстүү болсон элин сүйөт ар качан,*
*Карылардын капка салгын айтканын.*
*Бололу биз ыйман күткөн жакшы адам,*
*Бойго жетип, адеп жыйнап, окуган.*

**2-окуучу:**

*Капа кылбай эне менен атаны,*
*Жаман жорук, тентектиктен качалы.*
*Таанылып мектепке да, элге да,*
*Эн адептүү мыкты окуучу катары.*

**3-окуучу:**

*Ыйман болсо өлкө өнүгөт жогору,*
*Тартип менен бейбаштыкты жоёлу.*
*Элге керек келечектин ээлери,*
*Эн ыймандуу уул-кыздар бололу.*

**4-окуучу:**

*Оолак болуп жаман жорук кылыктан,*
*Орун тапсак кен кесири турмуштан.*
*Ар убакта бизге болоор ыраазы,*
*Ата-энебиз өксү болбой сыймыктан*